**Турмуш жолунда ар бир инсан ар кандай деңгээлдеги, ар түрдүү кесиптеги, ар кандай көз караштагы көптөгөн адамдар менен иштешип, кызматташ, замандаш болуп, кудайдын буюрган убактысында билинбей эле бирбирден жарык дүйнө менен коштошуп, түбөлүк сапарга кете берет тура. Канчалык оор болбосун, ага сабыр кылып, жакшы тилек кылгандан башка айла жок. Бирок, ошол меймандай өмүрдү ким кандай жашап өттү, эл ичинде анын канчалык кадыр-баркы, артында калтырган изи бар эле? - деген суроо туулат. Мына ушундай суроону чечмелеп менин эмгек жолумда бирге иштеп, жакшы сөзүн угуп, тарбиясын алып калган эң көрүнүктүү устаттарымдын бири - Султан Ибраимовичтин жаркын элесине арнап, жазуучулук өнөрүм болбосо да, колумдан келишинче өзүмдүн баалаган ал киши жөнүндөгү жекече ой-пикиримди калайык-калкка жеткирип коюуну туура таптым.**

# Кыргыздын

Устат демекчи, өз мезгилинде тарбиясын алып далай жолу акыл-насаатын, каалоолорун угуп, мени биринчи жолу саясатка аралаштырып, Таш-Көмүр шаардык партия комитетинин биринчи секретары болуп иштеп тургаңда, кыргыздын дагы бир чыгаан уулу Абсамат Масалиевич сунуш кылып, шаардык партия комитетинин мүчөсү, шаардык Советтин депутаты болуп шайлангам, кала берсе Союз мезгилиндеги атактуу шахтерлер: Социалисттик Эмгектин Баатыры - төрт жолу шайланган Кыргызстандын депутаты -Кудайберген Чыныбаев, үч жолку СССР Жогорку Советинин депутаты Мойдун Темирбаев сыяктуу, чыныгы коммунист - эмгек азаматтары менен бирге мени да чакырып, 1970-жылдын июнь айынын орто ченинде кыргыз тарыхында өзүнүн өлбөс-өчпөс орду бар улуу тарыхый инсан, көсөм жетекчи Исхак Раззакович Москвадан Фрунзеге келип, Фрунзе-Ош жолу менен ошол кездеги Республиканын Жогорку Советинин жоопттуу секретары Сатар Чокоевдин узатуусунда Түштүк жергесине келе жатканда Абсамат Масалиевич баш болуп баарыбыз бирге Таш-

көрүп, сүйлөгөн сөздөрүн угуп, жаш болсом да иш-аракетин өзүмчө баалап, канагаттанып, ири уюштургуч, масштабдуу чоң жетекчи экенин табиятынан өтө жөнөкөйлүгүн, сезимталдыгын, туруктуулугун, орду менен омоктуу сүйлөгөн чеч-

женердик кызматына которуп ошондо бул жаңы кызматка бекитүүгө мени обкомдун бюросуна чакырганда Султан Ибраимовичтин жакшы иштөө жөнүндө мага айткан калоолорун биринчи жолу уккан элем.



лык кызматтын иш принциби жөнүндө айтып берейин. Аны эсиңе алып койгонуң жакшы болот. Партиялык кызматта тууган деген, улут деген, жердешчилик, регион деген, дос- душман деген, карындаш- урук деген болбойт. Бирөөнү жакын, бирөөнү алыс дебей, баарына бирдей текши мамиле жасагын. Айрыкча катардагы карапайым адамдарга жакшы мамиле жасап, бой көтөрбөй, ачык- айрым, так сүйлөп, эч сыр жашырбай кандай өнөрүң болсо аны да көрсөтүп,ырдай алсаң ырдап, бийлесең бийлеп, берген тамагын тандабай, жайдары жазылып отуруп, көпчүлүктүн көңүлүн калтырбагын. Айрыкча эске ала турган бир жагдай- кээ бир сага окшогон жаш жигиттерди партиялык кызматка алсак эле бой көтөрүшүп, адамдардан обочолонуп, ак көйнөк, кара костюм тандап, галстугун түздөп, сүйлөөр - сүйлөмөксөн болуп, элден бөлүнүп калышат. Анысы аз келгенсип, кызмат боюнча, командировкага барган жерлерде кандайдыр бир майдабарат кызмат жасоого аракет кылышкан туруксуз адамдар менен байланышып, алардын мындай өнөрлөрү акырында билинип, убакыт өткөн сайын, ошондой кызматкерлердин аброю төмөндөй баштайт. Аларды жогорку кызматка эмес, өздөрүнүн обкомго келгенге чейинки кызматына жибере албай калган фактылар бизде бар. Андай кызматкерлер биздин аппаратта 3-5

жалаң эле кагаз иши эмес, турмуштун өзүн билбеген татаал сырларын, ири масштабдагы маселелерди чечүү жолдорун үйрөнүп, алардын чоң мектебинен өткөнүм, өзүм үчүн эстен чыкпас сабак, кала берсе чоң сыймык. Ушуга байланыштуу, айрым эпизоддорго кайрыла кетейин. Партиялык иштин сырын тереңирээк өздөштүрүп, тезирээк үйрөтүү максатында, аракет жасап жүргөнүмдү байкап калып, Михаил Петрович кээде мага айтып калар эле : " Ильяс, никогда не постесняйся от общения. Смело поделись своими соображениями и мнениями. Знаешь, Султан Ибраимович- это настоящий киргизский Ленин, какой он умница, какая у него светлая голова. Сним работать просто счастье и большое удовольствие. Даже на душе легче становиться когда с ним общаешься",- деп.

Чындыгында эле ошондой болучу. Жаңыдан иштей баштаган мезгилимде, мен кабинетте узакка отуруп, айрыкча ишемби, дем алыш күндөрү, кээде түнкү саат бештерге чейин кель тээр элем. Ошондой күндөрдүн бирөө нде бир жолу түнкү саат үчтө менин бет мандайыма Султан Ибраимович келип, жакшынакай жылдыздуу жылмайып: " Ильяс, эмне кылып жатасың",- деп сурап калса боло. Мен ал кишиден кечирим сурап, учурашып:" Султан Ибраимович кагаз көп, Антонина Ивановна ооруп калды, өз убагында тактап, документтеримди жазып бүтүрөйүн, бюрого да маселебиз бар эле дедим. " Кел кагазыңды жыйыш-

Көмүрдөн Кара-Кол шаарына тосуп барып, ал жерге кыргызга аттын кашкасындай таанымал болгон коомдук саясий ишмер, ошол кездеги Токтогул райкомунун биринчи секретары Матен Сыдыкович да бирге аларды узатып келгени эсимде. Баарыбыз менен учурашып, саламдашып, бир аз аңгемелешкенден кийин ал киши өзү Токтогулга кайтып кеткен.

Ал жерден баарыбыз Таш-Көмүргө Абсамат Масалиевичтин үйүнө келип, төрт-беш сааттай, ал кишинин сыйын көрүп, маектешип эли-журтубуздун, Кыргыз мамлекетинин, келечек-тагдыры жөнүндө эстен чыккыс тарыхый сөздөр болгон эле. Андай рухий байлыктары кенен улуу инсандардын сөздөрүн угуп, пикирлешип калуу өзүнчө бир сыймык эле. Ошондон кийин мен Таш-Көмүрдө калып, Исхак Раззаковичти Абсамат Масалиевич өзү баш болгон жогоруда айтылган шахтер агаларым Жалалабат курортуна узатып барышып, ал жерге Оштон Султан Ибраимович келип, бирге узак мөөнөткө чейин кеңкесири маектешип олтурушуп кайтышкандарын кийин жогоруда айткан даңктуу депутаттардан уккан элем. Ушул жерде бир аз алдыраак кетип, адам баласында ой күлүк дегендей-, атаганат Султан Ибраимовичтин ажалына себепкер болгон каргашалуу окуя болбогондо кыргыздын ак шумкарындай уулу - Абсамат Масалиевич, кыргыз Ала-Тоосунун бүркүтүндөй болгон Султан Ибраимович агаларыбыз колуна кыргыз мамлекетинин, эли-жеринин тагдыры тийгенде, калайык-калкыбыздын келечеги канчалык жакшы болмок, өнөр-жай, айыл-чарба тармактары да ыдырап таркап кетпей бүтүндүгү сакталып калмак деген ой келет.

Султан Ибраимовичти мен 1968-жылы ал киши Ош облусуна обкомдун биринчи секретары болуп келгенден баштап билип калдым, өзүм да жогоруда айтылгандай саясатка аралашып калган кезим, Таш-Көмүр эт комбинатынын директору болуп иштөөчүмүн. Кийинчерээк өзүмдүн кызматыма байланыштуу маселелер боюнча облустук активге, обкомдун бюролоруна катышып калган учурларда Султан Ибраимовичтин өзүн



киндүүлүгүн, ар кандай талаш-тартыш татаал маселелерди да жөнөкөйлөтүп, демократиялык негизде кеңешип, калыс иликтеп акыйкаттык менен чечкендигин далай жолу байкап калгам.

Мына ошондой татаал жагдайдын бир эпизодуна токтолуп кетейин. 1971-жылдын күз айларында Алай жайлоосунда, өрөөн райондордо да малдын яшур ылаңы таркап кетип, обкомдо өтө оор катуу бюро өткөрүлгөнү эсимде. Ошол маселеге тиешеси бар бардык облустук, шаар, райондук, жетекчилер, адистер катышып, жыйынтыгы кандай болоор экен деп көп жетекчилер коопсузданып отурганбыз. Ошондо Султан Ибраимович тийиштүү жетекчилерди, адистерди трибунага чыгарып алардын маалыматын, обкомдун бюро мүчөлөрүнүн пикирин угуп, акырында ачууланбай эле кыскача өз сөзүн жыйынтыктап:

- Так работать конечно нельзя и нехорошо, если у начальника областного ветеринарного управления Вышемирского не получается как у руководителя, то пусть он работает по специальности, а всем остальным руководителям надо принимать самые неотложные меры, безо всякого хирургического вмешательства извне и снять всякие напряжения по обсужденному вопросу. А что касается ответственности других руководителей и специалистов предлагаю согласиться с проектом постановления и с учетом мнений членов бюро обкома партии окончательно доработать, - деп бюрону жаап баарыбызды жер-жеринде иштиңерди жасап, жыйынтык чыгаргыла деп жөнөткөн эле.

Кийинчерээк, 1973-жылдын январь айынын башталышында кызматым боюнча республиканын эт-сүт өнөр-жай министри мени облустук эт өнөр-жай бирикмесинин башкы ин-

Андан көп узабай мен Ош шаардык партия комитетинин мүчөсү, шаардык Советтин депутаты болуп шайланып, ошол кездеги шаардык партия комитетинин биринчи секретары И.К. Касендеев мени өзүнө чакырып, жарым сааттай аңгемелешип, Ильяс Жусубалиевич, сени биз шаардык партия комитетинин өнөр жай жана транспорт бөлүмүнүн башчылык кызматына алсак деп чечип, ал маселени макулдашуу үчүн Султан Ибраимовичке айтсам, ал киши андай болсо Жусубалиевди биз обкомго алабыз. Силер башка кандидатура издегиле деп, алдындагы стол календарына сенин фамилияңды жазып алды, деп мени эскертип койду.

Чындыгында эле ошондон көп узабай күндөрдүн биринде обкомдун жеңил жана тамак-аш өнөр жай бөлүмүнүн башчысы А.И Колесникова мени чакырып, ошол учурдагы обкомдун өнөр жай секретары А.Г.Лосовскийге кириңиз дегенинен ага барсам, ал киши : "Ильяс Жусубалиевич, Ваш вопрос уже решен, Вы с нами будете работать, сейчас 10:00 зайдете к Султану Ибраимовичу,"- деп мени кабылдамага ээрчитип барып, өзү кабинетине кете берди. Султан Ибраимович мени абдан жылуу кабыл алып, 40 минутадай сүйлөшүп: " Ильяс, сени биздин кызматкерлер төрт айдай убакыт ичинде ездөштүрүп, сен иштеген Майлуусуу, Ташкөмүр шаарларында, Ошто, Жалалабатта, Кызылкыяда , Сүлүктүдө болушуп, жыйынтыгы жакшы болду. Сенин адресиңе эч кандай сын-пикир болгон жок. Ошондон кийин обкомдун бюросу сага жеңил жана тамак- аш өнөр жай бөлүмүнүн инструкторлук кызматына келип иштөөнү сунуш кылат.Обкомдун бюро мүчөлөрү бир добуштан колдошту. Сага партия-

жыл, 8-10 жылга чейин бир ордундан жылбай отуруп калышат. Алар кээде отурган кабинеттерине да соода- тиричилик багытында иштеген кээ- бир адамдарды киргизип, алар чакырган жерине барышып, ошолордун кызматынан пайдаланышат. Жыйынтыгында андайлар эки жүздүүлүккө, кошоматчылыкка жол берип, партиянын кадр саясатына чоң зыян келтиришет. Ошондуктан партиялык кызматта өзүң канчалык таза иштеп, таза жүрсөң, ошого жараша сага урмат- сый, ошого жараша өзүңдүн келечегиңе жол ачылат. Сага чейинки бул орунда иштеп, силердин тармакты да тейлеген Михаил Петрович Бадыгинди өзүң жакшы билесиң. Өтө тажрыйбалуу, кадырбаркы бар, ак- ниет жакшы адам, эски гвардиянын эң тасыккан партиялык кызматкери, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, үч жолку Согуш Даңкы ордендин ээси, ал деген Советтер Союзунун Баатыры деген наамга барабар. Атактуу жазуучу Константин Симонов менен согушта бирге болуп," Годы в шинелях" деген китептин автору. Ал кишини биз идеология багытындагы кызматка котордук. Сен ал киши менен, өзүңдүн бөлүм башчы Антонина Ивановна менен акылдашып, кеңешип, алардан билбегениңди үйрөнүп иштесең жаман болбойт. Ал экөөнүн тең сага карата ой пикири түз. Ушул каалоолорду эске алып ак дилден жакшы иштеп бересиң деп сага ишенип, эртең обкомдун бюросунда бул кызматка сени бекитебиз. Кандай дейсиң Ильяс? Макулдаштыкпы? ,"- деп мени менен коштошту. Эртеси бюродо ал ишке бекигеним кадимки кечээ жакындагыдай эсимде.

Чынында эле Султан Ибраимовичтин айтканы айткандай өз орду менен берилген убада сыяктуу так аткарылаар эле.Менин бөлүм башчым Антонина Ивановна Колесникова, менден мурда бул кызматта иштеген тарбиячым Михаил Петрович Бадыгин экөө тең чоң интернационалист,чынчыл Султан Ибраимович, өзү обкомдун башка секретарлары да кала берсе, облустун активи терең урматташкан жакшы адамдар эле. Алардан мен

тыр",- дегенде, аларды тез- тез сейфке бекитип жаптым. " Жүр эми",- дегенде, ал кишини ээрчип эшикке чыксак, Султан Ибраимовичтин өзүнүн кызмат машинеси менен обкомдун дежур машинеси турган экен. Сен үйгө жетип ал деп, мага дежур машинени көрсөтүп, өзү машинеге отуруп кетти. Үйгө мен түнкө саат үч жарымда барып, болгон сөздү апама, аялыма айтып бердим. Апам өзүнчө Султан Ибраимовичке абдан ыраазы болуп, ал кишинин акылмандыгын айтып, жараткан Кудайдан ал кишиге жакшылык болорун тиледи. Андан кийин эки чыны чай ичип, бир топко ойлонуп отурдум. Султан Ибраимовичтин мага жасаган аталык камкордугу, ал кишинин ички дүйнөсүнүн кендиги кала берсе, теңдеши жок боорукердиги өмүрүмдө эстен чыккыс чоң сыймык.

Кийин Султан Ибраимовичти океандай терең, айкөл кылып КУДАЙ эл жер үчүн мага окшогон тагдыры татаал жаштар үчүн жаратып койгон экен деген ойдо калдым. Бул биринчиден. Экинчиден , ал киши жөнөкөй эле инсан, масштабдуу чоң жетекчи катары эл атасына айланып, анын жетекчилик искусствосу өтө жогорку деңгээлге жетип, ачылбаган сыры бардай бир ажайып. Жылдыздуу Пайгамбар сыяктуу улуу инсан экендигин баса белгилеп кетким келет. Мен үчүн ушундай жагымдуу чөйрөдө чоң моралдык колдоо тапкан соң кызмат жөнүндө ойлобой эле, абийир менен жакшы иштегенге аракеттенип, билинбей эле бир жарым жыл убакыт өтүп кеткенин билбей калыптырмын.

Күндөрдүн биринде, 1975 - жылдын март айынын аяк ченинде күтүүсүздөн эле мени шашылыш түрдө Султан Ибраимович кабыл алып, жарым сааттай сүйлөшүп: "Ильяс, сен Алайга райкомдун экинчи катчысы болуп барасың",- деп калды. Ал кишини чексиз урматтап, жакшы көргөнүмдөн, апкаарып,айтаар сөзүм эле - кандай болор экен - өзүм өнөр - жай адиси болсом, кала берсе өз элим болсо, дегендей оюмду билдирдим. Ал киши мени ынандырып, обкомдо иштегениң абдан жакшы болду, бюро мүчөлөрүнүн, өзүңдүн бөлүм башчыңдын баарынын сен

## С. И. ИБРАИМОВДУН 80 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

# ЧЫГААН УУЛУ

жөнүндө ой пикирлери жакшы. Эми практикалык кызматка барсаң, андагы биринчи тажрыйбалуу, чарбалык иш десе тынымсыз иштей турган киши. Сен партиялык уюштуруу иштерине жардамдашып, айыл- чарбасын да өздөштүрөсүң, ал кийин керек болот. Илим деңгээлиң жетишээрлик, дагы тереңдетип билгиң келсе, китеп, журнал материалдар көп- оку. Сени Алайда көпкө калтырбайбыз, дагы сага кайрылабыз деп сөзүнүн аягында бул сөз азырынча экөөбүздүн ортобузда калсын. Эч кимге, өзүңдүн бөлүм башчыңа да айтпагын, сен уюштуруу бөлүмүнө Б.Бактыбековго учурап, Алайга бир жумага төл компаниясына бара турган жетекчилер, адистер менен бирге барып келгин, калган сөздү кийин улантабыз деп кабинетинде калды. Ошондон кийин Алайга барып келип өз ишимди уланта бердим. Билинбей эле убакыт да эки- үч айдай өтүп кетти. Ошол мезгилде обкомдун өзүм теңдүү кызматкерлери М.Абсатаров, К.Мүсүралиев, А. Сыдыков, А. Ма-эвдор кээде танапис учурунда сыр-чыгып баратсак Султан Ибраимович баарыбыз менен саламдашып, учурашкандан кийин эле менден: " Ильяс, туугандарга бардыңбы, окуп жатасыңбы?",- деп сурап калаар эле. Мен бардым, окуп жатам деп жооп берсем эле менин жогорудагы шериктерим: " Ай, Ильяс, сен соо эмессиң. Эмнеге Султан Ибраимович сага дайыма ушундай жакшы мамиле жасайт, сен өзүңчө эле жеңил бөлүмдүн оор инструктору болуп, көп китеп окуп көрүнүп калган ок-

жаратууга шыктандырат жана түрткү берет -деп сөзду Султан Ибраимовичке берди.

Султан Ибраимович чоң программалык сөз сүйлөп, Алай району топоздун башы боюнча республикада биринчи, койдун башы боюнча Түштүк региондо Токтогулдан кийинки экинчи орунду ээлеп, республиканын масштабында өзүнүн татыктуу орду бар экендигин айтып, бүгүн сиздерге республиканын сыймыгы болгон авангард чабандардын келип катышып жыйын өткөрүлүп жатышы да, мына ушуга байланыштуу өзгөчө мааниси бар чоң маселе. Ошентип сөзүн жыйынтыктап келип, аягында бүгүнкү ушул жерде алдыңкы чабандардын, адистердин, жетекчилердин чыгып сүйлөгөн каалоолорун эске алып, мындан ары да албан-албан ийгиликтерди жаратууга кеңири жол ачылат деген ишенимди облустук партия комитетинин бюросунун атынан билдирип кетүүгө толук негиз бар.

Ошол мезгилде 1977-жылдын июль айында мага Оштон обкомдун уюштуруу бөлүмүнөн телефон чалып, Москвага КПСС БКнын алдындагы эки жылдык Коомдук илимдер академиясына окууга барасыз, документтериңиз ал жакка жөнөтүлгөн. Өтүп келип, кийин Москвага кетээрде Султан Ибраимовичке өзүңүз жолугуп кетесиз. Бул

сени жакшы билип калды. Эми Москвага барып, маданий борборлорду көрүп, жакшылап окуп келсең эле баары көңүлдөгүдөй болот, үй бүлөң өзүң азыр жашаган үйдө калат турбайбы, Ошко келгенде мага учурап алы жайыңды айтып тур деп, жылуу- жумшак сөздөрүн айтканда өзүмчө ичим жылып, ыраазы болуп жогоруда аэропортто чече албаган маселемди да ал кишиге айтып, атайын алайлыктарга бир самолет бергизүүнү сурандым. Ал маселени дароо эле обкомдун өнөр - жай секретары Е.А.Донченкого тапшырып: «Евгений Александрович, помогите спецрейсом, один самолет ЯК-40 ради интереса народного хозяйства Алайскому району в Омск, остальные категории пассажиров на один день потерпят. Сейчас к вам зайдет Ильяс Жусубалиевич»,- деп телефонду коюп, мени менен бирге

тар болот го деп, ал киши менен коштошуп, кабинетинен чыгып кете бердим. Ошону менен Москвада окуп жүргөн 1977-жылдын аяк ченинде бирге окуган Мырзаев Абдыкерим деген досум экөөбүз Москва мейманканасындагы аэрокасадан мага бир жумадан кийинкиге Ошко билет алганы барсак, ал жерде Султан Ибраимович учурап калды. Учурашкандан кийин мен жанымдагы шеригимди тааныштырып, билет алууга келгенибизди айттым. Кыргызстандын тең жарымын бийлеген чоң ал жерде кызматына карабай, жардамчы деле ээрчитпей Султан Ибраимович өзү да катардагы элге аралашып, Ошко билет алыш үчүн кезекте турган экен. Мен да ал киши менен бирге туруп калдым. Ошол кыска убакытта сүйлөшүп тургандa Султан Ибраимович менден Ильяс, окууң жакшыбы? Борбордун маданиятын өздөштүрүп жатасыңбы? -деп сураганда , жооп берсем, жакшы деп, сөзүн улап, өзүнүн эки күндөн бери партиянын Борбордук комитетинде, өкмөттө болгонун айтты, бүгүн да кечкиге Ошко билет алып коюп, Госпланда бир иштер менен болоорун айтып берди. Аңгыча кезегибиз да



ченинде бир шумпайдын колунан каргашалуу окуя болуп, Султан Ибраимович окко учуп, жарык дүйнө менен коштошуп кете берди. Ошентип, калайык калкыбыз кайра келгис, орду толгус, оор жоготууга учурап, кыргыздын бир тоо бүркүтү белгисиз сапарга учуп кеткендей эле кыянат иш болду.

Арийне, Султан Ибраимовичтин көзү өтүп кетсе да, артында жакшынакай уул- кыздары калды. Кудайга шүгүр көрүп, угуп, сүйлөшүп жүрөбүз. Алар да жакшы атанын баласы, жакшы эненин кыздары дегендей, ата жолун басып, элдик ишти аркалап, абийир менен иштеп, Ибрамовдордордун династиясын түзүп, өзүлөрүнүн балдарын тарбиялап өстүрүп жатышы да жакшылыктын жышааны. Ошондуктан элде айтылгандай жакшы адам ааламдан өтүп кетсе да артында жакшы туяк калат, айтаарга арзыырлык жакшы сөзү калат, калайык -калкка жасаган эмгеги калат. Чындыгында эле Султан Ибраимович Кудай алдында, эл алдында таза жашап, таза иштеп, ат көтөргүс абийир менен кетти. Өз өмүрүн элге жерге арнагандай жалаң эле Түштүк региону эмес, деги эле Кыргыз жергесинде муундан- муунга кала турган ал кишинин жетекчилиги астында бүткөрүлгөн сансыз иштери , курулган обьектилери калды. Алардын Ош, Жалалабад, Баткен аймактарындагы негизгилерин айтып кетейин. Оштогу Текстил Жибек, үй куруу, комбинаттары, курулуш индустриясынын заводдору, Майлуусуу электр лампа заводу, Нарын дарыясын бойлото курулган ГЭСтер, чоңчоң мектептер, Ош аэропорту, Оштогу кыргыз, Өзбек драм театрлары , Ош облустук жана башка башка ооруканалар миңдеген километр жолдор, көпүрөлөр, дагы көптөгөн маданий социалдык, социалдык, соода тиричилик имараттары, дем алуу жайлары. Мына ушулардын баары Сул-

